Oş Devlet Ünıversitesi
İlahiyat Fakültesi İlmi Dergisi
25. Sayı 2018

Ош мамлекеттик университети
Теология факультетинин илимий журналы
25-саны 2018

# Чыңгыз Айтматовдун "Фудзиямадагы кадыр түн" чыгармасындагы диний мотивдер

**Мырзаибраимов Самаган***

**Аннотация**

Чыңгыз Айтматов өз чыгармаларында бир топ диний терминдерге токтолгон. Бул макалада Айтматовдун Фудзиямадагы кадыр түн чыгармасындагы диний мотивдер анализденет.

***Ачкыч сөздөр:*** Чыңгыз Айтматов, дин, Фудзияма, кадыр түн

## Religious Motives in the Chingiz Aitmatov's Work "The Ascent of Mt. Fuji"

**Annotation**

Chingiz Aitmatov appeals to the number of religious concepts more than once in his creation. The analysıs of the religious motives ın the work of Aitmatov ''*The Ascent of Mt. Fuji''* may be brightly observed in this article.

***Key words:*** Chingiz Aitmatov, religion, Fujiyama, kadir tun.

Окуучулук кезимде Чыңгыздын кайсыл чыгармасын окуганым эсимде жок. Адабиятка анчейин жакын эмес элем. Тарыхый романдарды окуганмын. Бирок негизинен Чыңгыздын чыгармаларын фильмдерден көрүп жалпы түшүнүк алганмын. Тартылган фильмдер чыгармалар менен канчалык дал келет аны билбейм. Быйыл Айтматовдун 90 жылдык юбилейине байланыштуу чыгармаларын теолог жана саясат таануучу катары көз чаптырууну туура көрдүм. Чыңгыздын динге болгон көз карашы жана анын жашоосунун дин менен байланышы жөнүндө өр түрдүү пикирлер айтлып келсе да көңүл бурчу эмесмин. Анткени Чыңгыз ар бир кыргыздын анын дүйнө таанымынын кандай экендигине карабастан сыймыктануу менен эскерүүсү керек болгон инсан.

* Доцент, Ош МУ теология факультети.

Ал эми Чынгыздын динге кызыккандыгы жана динге байланыштуу маселелер жөнүндө малыматынын канчалык деңгээлде экендигин анын чыгармаларында жана каармандардын аттарында диний аттарды, аталыштарды, баалуулуктарды колдонуп колдонбогондугу аркылуу жана чыгармаларындагы окуяларды анализдөө аркылуу билебиз.

Чынгыздын дин маселелерине кызыккандыгы тууурасында көптөгөн маалыматтарды алсак болот. «Дениз бойлой жорткон ала дөбөт» чыгармасында Инжилден бир канча бетте мисал келтиргендиги, «Касандра тамгасы», «Тоолор кулаганда» чыгармаларында диний-философиялык маселелерге токтолгондугу байкалат.

Андан тышкары чыгармаларынын аталыштарында дагы диний мотивдерди байкоого болот. Бул окшоштуктар Чыңгыздын диний адабияттан таасирленгендигининин анык далили боло албашы мүммкүн, бирок, биз кээ бир окшоштуктарды же болбосо чагылдырууларды айтып өтөбүз. Мисалы «Кыямат», ислам адабиятындагы негизги терминдерден болуп эсептелет. «Бетме-бет» дагы негизинде диний термин болуп эсептелет жана кыяматты түшүндүрөт. Кыяматта адам баласы жаратуучунун алдында бардык кылган нерселери менен күзгүдөн көрүп тургандай бетме-бет келе тургандыгы айтылат. Чыныгы беттешүү, бетме-бет келүүнүн маңызы акырет менен гана түшүндүрүлөт. «Тоолор кулаганда» аталышынын да терең философиялык диний негизин көрүүгө болот. Анткени тоолордун кулоосу мүмкүн эмес. Тоолордун кулоосу бул акыркы үмүттүн, же болбосо таянычтын жок болуусу дегенди түшүндүрөт. Куранда элүү жерде тоолор жөнүндө айтылып, тоолорду адамдар таянып жашоосуна ыңгайлуу коопсуз жер катары каралса, кыямат күнү ошол эле тоолордун быт чыты чыгып кум же болбосо жүн сымал жок болоорунан кабар берилет. Бийиктиктин жана түбөлүктүүлүктүн символу катары тоолор теңир түшүнүгүн чагылдырат. Теңир тоо, Тянь Шань аталыштары дагы ушул салыштыруу менен айкалышат.

«Фудзиямадагы кадыр түн» чыгармасында да диний мотивдер бар. Фудзияма жапондордун диний негиздеги ыйык тоону

түшүндүрсө, кадыр түн (лайлатул-кадр) ислам литературасындагы термин болуп эсептелет.

**1. Чынгыздын «Фудзиямадагы кадыр түн» чыгармасынын аталышы**

Чыгармадагы каарман Алмагүл айылдагы бир дөңсөөнү «Фудзияма» деп атайт. Ал «мында терең маани бар» экендигин Фудзияма деген касиеттүү, ыйык тоо дегенди түшүндүрөөрүн айтат. (411-бет)

«Иосиф Татаевич: Бу сөздүн сырын мен былтыр Японияга барганда билдим. Алыстан Фудзия- манын өзүн да көрдүм» десе Исабек – «Мен билгенден мунун мааниси мында: ар бир такыба буддист өмүрүндө жок дегенде бир ирет касиеттүү Фудзиямага чыгып, кудай менен сырдашат экен, бу дүйнө тууралуу ой ойлоп, кылган күнөөлөрүн моюнуна алат имиш, бизче айтканда, кудай алдында ымандай сырын айтып, эсеп берет экен» деп толуктайт. (411)

Бул аныктаманын «маанисинин тереңдиги» чыгармада окуялар аркылуу чагылдырылат.

Кадыр түн болсо Ислам дининде «Лайлатул-Кадр» деп аталып ыйык түн болуп эсептелет. Бул түндү адамдар уктабастан ибадат кылып, күнөөлөрү үчүн жараткандан кечирим сурап тилек кылып өткөрөт.[1]

**2. Каармандар**

Драмада каармандардын аттары жана аларга берилген образдардын атайын белгиленгендигин байкоого болот.

Окуя бир айылда бирге окуп, андан кийин бирге согушка барып кайткандан кийин ар кимиси ар түрдүү кесиптин ээси болуп жүргөн классташтардын айылда чогулуусун негизги тема катары чагылдырылат. Бардык окуялар ушул чогулуунун тегерегинде болот.

а) **Айша апа** - Классташтардын биринчи мугалими гана болбостон, камкор эне катары чагылдырылат.

б) **Иосиф Татаевич** – «даражасына ылайыктуу жосунун бузбаган, үтүктөлгөн костюмчан, галстукчан, колунан радиосун түшүрбөй жаңылыктарды байкап турган» илимдин доктору.

---

[1] M. Sait Özervarlı, “Kadir Gecesi”, *TDV İslam Ansiklopedisi,* C. XXIV, 124-125-бб.

в) **Исабек** - Өлкөгө таанымал болгон эл аралык деңгээлдеги журналист, жазуучу.

г) **Мамбет** - Классташтарынын ичинен жогорку деңгээлде карьреа кылалбаса да ар намыстуу деп сүрөттөлгөн, айылдагы мектептин тарых мугалими.

д) **Сабыр** - Классташтардын ичинен эн таланттуу жана акылдуусу болгон бирок жолугушууга келе албаган образдуу каарман.

Каармандардын аттардан жана аларга берилген образдардан диний мотивдерди көрүүгө болот.

**Айша апа** - Ислам маданиятында Мухаммед пайгамбардын жубайы жана символикалык түрдө мусулмандардын энеси катары кабыл алынган Айша ападан кыргызчага кирген.

Ал эми **Иосиф** - Юсуф пайгамбардын аты. Негизинен иудаизмдин өкүлү катары каралат. Юсуфтун кыргызча аталышы Жусуп экендигине карабастан чыгармада Иосиф (айылдагы тил менен Осипбай) катары колдонулган.

**Исабек** - Христиан дининин пайгамбары болгон Исус Христостун кыргызча аталышы.

**Мамбет** - Ислам дининин пайгамбары Мухаммеддин (Мукамбет, Махмат, Мамат, Мамбет) кыргыз тилиндеги аталышы.

Ал эми **Сабыр** арапчадан кыргызчага өткөн адамдык сыпат катары каралган "сабр" сөзүнүн образдуу элеси.

Каармандардын образдары аттарына жараша берилген.

Айша апа болсо негизинен баарына тегиз карап алардын жакшылыгын тилеген, алардын жетишкендиктери менен сыймыйктанган жана өтмүштөгү болгон эскерүүлөрү менен жашаган адамдын образын чагылдырат.

Иосиф өзүн баарынан жогору койгон, даагы да карьералык өсүүнү пландаган, классташтарын башкарган жана «Колунан келген кончунан басат» (408) деген девиз менен ар бир нерсени өзүнүн пайдалуулугуна карап баалаган образды берет. Иса болсо кээ бир учурда Иосифке кошулбаган менен негизинен аны колдогон, учурга жараша мамиле кылган, өзүнө жогору баа берген образды түшүндүрөт. Ал эми Мамбет жогорудагыларга бираз сын көз караш менен караган, карьера жана финансылык кызыкчылыкты алдыга

койбогон, жашоонун кемчиликтерине кайдыгер карабастан ошол эле мезгилде сын айтуу менен кошо өзүнүн конкреттүү сунушу жок болгон жөнөкөй айылдык мугалим.

Чыгармада негизинен Иосиф менен Мамбеттин ортосундагы пикир келишпестик орун алат:

«**Иосиф Татаевич** (күлүмсүрөп Мамбетке): Ой, баатыр, сен дагы үйдө жатып, жоо саярлардын бири экенсиң, тетиги чокунун башында турган илимге эмне тиешең бар сенин?

**Мамбет**: Эмне үчүн менин тиешем жок? Мен - тарых мугалимимин. Ошон үчүн бүт өмүрүмдү, бүт кү- чүмдү жумшап, окуткан балдарга - тарых деген жалаң гана согуштардын хронологиясы эмес, эзелтен берки турмуш мектеби экенин үйрөтөм. Өзүң айткан интернационализм, так ошол кыйын тарыхтын аркасында адамзаттын тапкан улуу тажрыйбасы экенин да үйрөтөм. Сага окшоп, улуу нерсени кичиртип, интернационализмди жалаң гана аргындашуу маселесине алып келип такабас элем.

**Иосиф Татаевич**: Тизгиниңди тарт, баатыр. Бул жер сенин мектебиң эмес, аны биз деле билебиз.

**Мамбет**: Макул эле дейли, бирок түшүндүрүп берчи, сенин илимге кошкон салымың эмнеде? Сенин диссертацияң болбогондо, тарых илими эңшерилип калмакпы? Эгерде сен «ошентмек» десең: сүрөтүңдү Конрад менен Бартольддун катарына илейин.

**Иосиф Татаевич**: Сенин провокаторлук сурооңо жооп берүүчү дөөпөрөстөрдөн эмесмин. Кимдин ким экенин турмуш өзү көрсөтөт, баатыр! Андан көрө өзүң жооп берчи, кана. Сага жакпаганы ушул турмушпу, же өзүң ылайык келбей турасыңбы бул турмушка?

**Мамбет**: Суроoң жөнөкөй суроолордон эмес...

**Иосиф Татаевич**: Тайсалдаба, тайсалдаба.

**Мамбет**: Болуптур, болуптур. Ак сөздөн мен да качпайм... Турмуш жакпайт эмес, бул турмуштагы сага окшогон адамдар жакпайт мага. Керт башынын кызыкчылыгын көздөп, мансап кууп, илимди топ таш- тай ойноткон Өсүпбайлар жат мага... Ыраазысыңбы жообума?

**Иосиф Татаевич**: Баракелде, баракелде... бирок суроого толук жооп бере албай койдуң, түшүнбөй калдың окшойт. Жөнөкөйлөтүп

сурайынчы. Ушул турмуштан, адамдардан күткөнүң эмне, тилегениң эмне?

**Мамбет**: Чындык, мээрмандык, махабат...

**Анвар** (Мамбеттин аялы): Алда байкушум ай, экөөбүз махабатты эмне кылат экенбиз...

**Иосиф Татаевич**: Коё тур, Анвар, сөздү бузба. (Мамбетке.) Мунуңу кандай түшүнсөк болот?

**Мамбет**: Мен да жөнөкөйлөтүп түшүндүрөйүнчү: мен катардагы адаммын, бирок өз ишимди чын ыклас менен орундатууга аракет кылам...

**Анвар**: Ошондо тапканың кайсы? Же сага бирөө эстелик тургузмакпы?

**Мамбет**: Аны күткөн мен жок, Алыкулга тургузбаган эстеликти мага тургузмак беле? Тарбиялаган окуучуларым жазуучу, илимпоз болушпаса мейли, абийирдүү адамдар болсо болду, андан артык максатым жок.

**Айша апа**: Туура айтасың, Мамбет балам. Илим жаштардан качпайт. Ал эми уят сыйытты окуп-чокуп үйрөнө албайсың.

**Иосиф Татаевич**: Кечиресиз, Айша-апа. (Мамбетке.) Катырдым деп турасыңго... Чындык, боо- рукерлик, мээрмандык... Мунун, баары - абстрактный гуманизм... Христианшина. Байсалдуурак бир ою бар экен десе... Өзүң да чаташып, элди да адаштырып бүлдүрдүң го.»[2]

Канчалык катуу талаш болбосун Иосиф өзүнүн тажрыйбалуулугу көргөзүп абалды оңдоого болгон жөндөмдүүлүгүн да көргөзө билүүсү менен айырмаланат:

**Иосиф Татаевич**: О, сүйүктүү, айымдар! Көк асманга ысмым жалын менен жазыларын кудайдан тилейм!

**Алмагүл**: Калжыңы жок айтканда кандай?

**Иосиф Татаевич** (күлүмсүрөп): Ал эми калжыңы жок боло турган болчу болсо, анда мындай, дайыма өз позициямды бекемдеп, өз бактым үчүн дайыма шарт түзүү.

**Анвар**: Аша чапкан жоксуңбу?

---

[2] Чыңгыз Айтматов. Фудзиямадагы кадыр түн. Чыгармаларынын он томдук толук жыйнагы. VII-т. – Бишкек: Улуу Тоолор 2018, 30-32-бб.

**Иосиф Татаевич**. Эч кандай! Ал үчүн менде баардык мүмкүнчүлүктөр бар: салкын кандуулук, ыкчылдык, анан калса, кудайым берип койгон чыкый бар.

**Мамбет**: Өсүпбай, кандай дейсиң, Лев Толстой акылдуу адам болгонбу?

**Иосиф Татаевич**: Суроонун учугун көрбөй атам.

**Мамбет**: Эмне үчүн Толстой өлөр-өлгөнчө өзүнө өзү нааразы болуп өткөн? Эмнеликтен? Акылынын кемдигиненби? Эмне үчүн? Эмне үчүн Толстойчолук эле атак- даңкка жеткен философ, музыкант Альберт Швейцер доораны жүрүп турган кезинде Европанын концерттик залдарынан көчөт да, улгайып калганына карабай дарыгерлик кесипти үйрөнүп, алыскы Африкага жер кезип жөнөйт, ата-бабасы тааныбаган адамдардын өмүрү үчүн күрөшөт? Эмне үчүн? Эмне үчүн силер боорукерликти - абстракттуу гуманизм, мээрмандыкты - христиандык үгүт деп кордойсуңар? Эмне үчүн? Анткени бул түшүнүктөр силер үчүн жат, керт башыңардын кызыкчылыгы үчүн булардын пайдасы аз! Ошондуктан, экиге эки дегенди илим деп, супсак жазууларды адабият деп жүрөсүңөр. Маркс өзү: «Коммунизм деген - реалдуу гуманизм» деп айткан. Бул сөздөн кабарыңыз барбы, жолдош илимдин доктору?

(Иосиф Татаевич көзу алачакмактап айлана тегерегин карана берет. Мамбеттин сөзу бутөрдө кармана албай обдулат. Бирок өзун-өзу токтотот да, бор денесин силкилдете үнсүз күлүп, санын чапкылай берет.)

**Иосиф Татаевич**: Ит экенсиң, ит экенсиң... Тоодой болгон оторду томуктай торсок омкорду. Куп катырдың. Молодец! ...Жаш өткөн сайын өмүр, өмүрдүн максаты жөнүндө көбүрөөк ойлонууга туура келет экен. Мал болбогондон соң, бу дүйнөгө эмнеге келдим, эмне үчүн жашап, адамдарга эмне пайда келтирип, эмнени айтмакмын... буларды ойлобой коё албайт экенсиң. Мына, мисалы Мамбет: мектептин жөнөкөй мугалими, бизге окшоп илимге жарамсыз салым кошот элем деп жан сабалап далбастабай, же Исабекке, окшоп, бирөөгө жакшы-жаман көрүнүп, том-том супсак китеп жазбай, өз ишин анык билип, так аткарган ак ниеттүү мээнеткеч. Биздин арабызда, балким, жалгыз гана Мамбет

турмуштагы максатын даана билип, үзүрүн көрүп жүргөн азаматтын биридир. Кыйын кезең жылдарда да, бул өз дегенинен кайра тартпай, өз билгенин танбады. Мына кептин баары ушунда - адам өз абийирин өзү сакташ керек. Эмесе, жигиттер, Мамбет үчүн ушу чөйчөктү көтөрүп жиберели!

**Айша апа**: Жарадың, Осипбай. Абдан жакшы айттың.[3]

Бул жерде кызыктыуу салыштырууну байкоого болот. Сабыр өзү катышпаган менен окуялардын негизги каарманы катары сүрөттөлөт:

"**Айша апа**: Кээде туруп өзүмө өзүм таң калам: «Ушу мен- ден окуп тарбия алган балдар, кандай мыкты кишилер болду деп». Силердин азыркы билимиңер мен үчүн - таң каларлык жомок, силердин сөзүңөргө түшүнбөй да калам кээде... Турмуш деген жээгин жеп аккан өкүм дайра экен. Мына силерди карап отурам, билгениңер көп, талаш-тартышыңар да орундуу... өз заманыбызда биздин да талашыбыз - дүйнөдөгү адалдык-арамдык, жөнүндө боло турган. Бу талаштын түбүнө жетүүнүн өзү кыйын. Бирок, ал эми чынында: адам-адам бол- гондон бери эле, актык үчүн жашап, өмүрүн, ошого арнап келе жатпайбы. Ал тууралу Сабырдан артык эч ким айта албаган. Ошол ыры журналга басылганда, обол маанисин анча түшүнө берген эмесмин. Улам жыл өткөн сайын мааниси ачыла берди «Канткенде адам уулу адам болот?..».

**Исабек**: «Эзелтен чечилбеген улуу талаш», Айша апа.

«Эзелтен чечилбеген улуу талаш»,
Канткенде адам уулу адам болот?
Ураалап жоо кууса да ушул талаш,
Канткенде адам уулу адам болот?
Ажалга көз жумса да ушул талаш,
Канткенде адам уулу адам болот?
Душмандан жан соогалап качканда да,
Душманды кырып-жоюп басканда да,
Түбөлүк чечилбеген ушул талаш,
Канткенде адам уулу адам болот?

[3] Чыңгыз Айтматов. Фудзиямадагы кадыр түн. Чыгармаларынын он томдук толук жыйнагы. VII-т. – Бишкек: Улуу Тоолор 2018, 32-34

Адамзат качан чечет, качан коёт,
Канткенде адам уулу адам болот?

**Гүлжан**: Жаш туруп айтканын кара!

...

**Иосиф Татаевич**: Менимче бул ырда маселе өтө абстракттуу коюлган. Мезгилдин жышаанасы сезилбейт.

**Мамбет**: Ыр мага ушул турушу менен кымбат. Бүткүл адам баласына орток ой.[4]

**3. Драмадагы негизги окуялар**

Чыгармадагы окуя Фудзияма деп аталган айылдын четиндеги дөңсөөдө өтөт. Классташтардын суранычы менен алардын биринчи мугалими жана ошондой эле эне катары камкордук кылган эң сыйлуу адам катары чакырылган Айша апага тийешелүү үч учур байкалат. Биринчиси негизинен Мамбетти жактап аны коргоп турганын байкоого болот. Экинчиси Айша апа баары менен саламдашкандан кийин Сабырды жоктоп сурайт. Үчүнчүсү окуучуларынын ар биринин йгилик-жетишкендиктерин угуп ыраазы болуу менен бирге алардын Сабырга кылган мамилесин уккандан кийин капа болуп үйүнө кайтат.

Негизги окуя "Энтигип делөөрүп, “келгиле, таш кулаталы. Бала күнүмдө тоодон таш кулатканды иттей жакшы көрчү элем” ...” деген Иосиф тарабынан сунушталган чокудан таш кулатып ойноо идеясы менен башталат. Эртеси эрте менен алардын кулаткан ташынан чокунун түбүндө өтүп кетип жаткан адамдын таш тийип өлгөндүгү жөнүндө маалымат келет. Албетте Иосиф менен Иса өздөрүнүн карьерасынын, авторитетинин жапа чегээрине таянып моюндарына албастан кетип калышат. Күнөөнү мойнуна алуу Мамбетке калат.

Бул окуянын маанилүүлүгү бүгүнкү күндө да Сирияда, Палестинада, Суданда, Йеменде "таш кулатып ойногондор кимдер? Анын кесепетинен өлүмгө дуушар болгондор кимдер? Анын кесепетин тарткандар кимдер? Ошол эле Иосифтер, Исалар, Мамбеттер...

---

4 Чыңгыз Айтматов. Фудзиямадагы кадыр түн. Чыгармаларынын он томдук толук жыйнагы. VII-т. – Бишкек: Улуу Тоолор 2018, 47

Бул жерде Чыңгыздын бул каармандарга ушундай образ бергендиги албетте анын профессионалдык деңгээлин аныктайт. Бирок бул окуядагы эң негизги өзгөчөлүк бул окуянын Союз мезгилинде ушундай мааниде жазылгандыгында. Ал мезгилде Чыгыш-Батыш блогунун ортосунда суук согуш болуп диндик негизге таянган маселелер актуалдуу эмес эле. Чыңгыздын негизги өзгөчөлүгү ушул маселени алдын ала көрө билгендигинде.

Чыгармадагы экинчи маселе Айша апа сурап жоктогондо кадыр түнгө Сабырдын келбегендиги. Мүмкүн Сабыр болгодно мындай окуя болмок эместир?

Сабыр эмнеге келбеди? Экинчи маселе ушул жерде башталат. Баарын башкарып жөндөп жүргөн Сабырдын бир мезгилде камалышына себеп болгондор "кылган күнөөлөрүн моюнуна алып, кудай алдында ымандай сырын айтып, эсеп берчү" жер болгон Фудзиямада өздөрүнүн бүтин ачышат. Сабырдын камалышына досу Иса анын бир поэмасын сындап (советтик идеологияга каршы деген мааниде) макала жазса Иосиф ошол макалага таянып жыйын өткөрүп Сабырды күнөөлүү деп табат. Аларга ишенген Мамбет болсо Сабырды жакалап кыйыр маниде ал да кошулат. Түрмөдөн чыкса да досторуна капа болгон жолугушууга келбеген Сабырдын жоктугунун кесепетинен мезгилинде Иосиф менен Исага алданып Сабырдын камалышына тоскоол болбогон Мамбеттин башына мүшкүл иш түшкөндүгү баса белгиленген. Бүгүн Муслумандар Мамбеттин кейпин кийген жокпу деген суроо туулат.

Бул окуяга байлныштуу дагы бир кызык учур Сабырдын камалышына себеп болгон поэманын аталышы жана ичиндеки маанисинде. Поэманын аталышы «Добулбас үнү өчкөндө» деп аталат. Ислам адабиятында Добулбастын үнү менен Кыямат башталат жана бардык арбактар тирилет...:

Добулбастын үнү басылган күнү,  
Арбактардын баары туруп чогулар,  
Журт көзүнө, жан көзүнө көрүнбөй,  
Ээн жерден жалгыз мага жолугар,  
Ошондо мен кандай жооп кайтарам?

Кызыл кыргын, кара сүргүн чоң согуш
Жанын кыйды миңдеп, сандап жарандар.
Кең казылган бир мүрзөнүн ичинде
Катар жатат жакшы менен жамандар.
Журт көзүнө, жан көзүнө көрүнбөй,
Арбактардын баары туруп, чогулуп,
«Биз кырылдык, сен тирүүсүң эмнеге?»
Деп сурашса ээн көрдөн жолугуп,
Ошондо мен кандай жооп кайтарам?
Үйдө ыйлатып эне менен атаны,
Өлгөндөрдүн кимге убалы, азабы?
Өз да, жат да катар жатат жер тиштеп,
Бүткөн өңдүү тирүүлөрдүн чатагы.
«Бүттүңөрбү» - деп сураса жолугуп
Ошондо мен кандай жооп кайтарам?.. [5]

**Корутунду**

Чыңгыз Айтматов Фудзиямадагы кадыр түн аттуу эмгегинде диний мотивдерди колдонгон. Чыгарманын аталышы, чыгармадагы каармандардын аттары жана аларга берилген образдар диний маниге ээ экендиги талашсыз. Ал эми чыгармадагы окуяаларды ар түрдүү ачыктоо мүмкүнчүлүгү бар. Биз бул мүмкүнчүлүкүтү азыркы учурдагы эл аралык деңгээлдеги маслелердин негизинде талдоого аракет кылдык. Айша апага, Иосифке, Исага жана Мамбетке берилген образдар чыгарманын мусулман терезеси менен кароо мүмкүнчүлүгүн жаратат.

Ошол эле мезгилде Мамбеттин образы аркылуу Сабыр Сыяктуу досторуна жардам бербегендиктин кесепетин кайра эле өзү тарткандыгын чагылдыргандыгын айтууга болот. Ал эми Сабыр бул жерде бир адамдын образында бардык каармандарды бириктирип жана туура жолдо, түшүнүшүү менен жашоосун камсыз кылуучу "жоготулган" баалуулук катары сүрөттөлөт.

[5] Чыңгыз Айтматов. Фудзиямадагы кадыр түн. Чыгармаларынын он томдук толук жыйнагы. VII-т. – Бишкек: Улуу Тоолор 2018, 53-б.

Сабырдын камалуусунда колдонулган поэманын аталышы да диний мотивдер менен коштолгон. Добулбас чалуу Ислам адабиятына Кыяматтын башталгандыгынын белгиси катары каралып, добулбас чалганда бардык арбактардын тирилүүсү айтылат. Поэмадагы негиги идея дагы добулбастын бүтүшү менен арбактардын тирилүүсү жана арбактар менен болгон сүйлөшүү жөнүндө.

## Адабияттар


1. M. Sait Özervarlı, "Kadir Gecesi", *TDV İslam Ansiklopedisi,* C. XXIV.
2. Чыңгыз Айтматов. Фудзиямадагы кадыр түн. Чыгармаларынын он томдук толук жыйнагы. VII-т. – Бишкек: Улуу Тоолор 2018.
3. Fazlı Gökçek, "Cengiz Aytmatov'un Romanlarında Din Teması ve Dişi Kurdun Rüyaları", *Dergah Dergisi*, Sayı 21, Kasım 1991.
4. Hayati Bice. "Biz Cengiz'i çok sevmiştik! Severiz de… ," *Türk yurtları*, sayı 3, Yaz 1990.